Кара-Дөбө негизги мектебинин

Директору ____________

Кулсариева А.Э.

"__21__" __08__ 2021-ж.

## Кара-Дөбө негизги мектебинин окуучуларды кабыл алуу жөнүндө

## Ж О Б О С У

### I. Максаты жана милдеттери.

**1.1. Кара –Дөбө негизги мектебинин"Окуучуларды кабыл алуу жөнүндө жобо" окуучулардын документтерин кабыл алууну, аңгемелешүүлөрдү, мектепке каттоо боюнча жолдору, эрежелери баяндалган негизги нормативдик документ болуп саналат.**

1.2. Милдеттери:

- Мектеп жөндөмдүү, таланттуу окуучуларды тартуу;
- Окуучулардын билимдерин баалоого карата жаш өзгөчөлүктөрүнө ылайыктуу мамлекеттик стандарттын негизинде предметтер боюнча сыноо жүргүзүү үчүн материалды – жазуу иштерин, тесттерди даярдоо;
    - аңмелешүүнүн жыйынтыгы менен окуучуларды каттоо;

### II. Документтерди кабыл алуу

Мектепке өтүүдө төмөнкү документтер кабыл алынат:

2.1. **Мектеп директорунун наамына жазылган ата-эненин арызы**

**2.2. Окуучунун өздүк делосу**

**2.3. Үй-бүлөсү тууралуу маалымдама**

**2.4. Ф-63-формасындагы медициналык карта**

**2.5. 3Х4 өлчөмүндөгү 4 сүрөт**

## !!!. Кабыл алуу комиссиясы

3.1. Окуучуларды кабыл алууда кабыл алуу комиссиясы түзүлөт.

Анын милдети:

- мектептин негизги максаттарын, милдеттерин окуучуларга жана алардын ата-энелерине маалымдоо, окуучулардын ден соолуктары жөнүндө маалымат алуу, мектепке келген мотивдерин билүү менен мектепке каттоо процессин уюштуруу.

3.1. Кабыл алуу коммисиясынын төрөгалык милдетин мектеп директору аткарат. Мүчөлөрүнүн арасынан жооптуу катчы шайланат.

3.2. Предметтик комиссиялар мектебинин мугалимдеринен түзүлөт.